Тиркеме

**Кыргыз Республикасынын жарандарынын биометрикалык маалыматтары жөнүндө маалыматтарды берүүнүн**
**ТАРТИБИ**

## 1. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын жарандарынын биометрикалык маалыматтары жөнүндө маалыматтарды берүүнүн ушул Тартиби (мындан ары – Тартип) Кыргыз Республикасынын жарандарынын биометрикалык маалыматтар базасынан маалыматтарды алуучуларга берүүдөгү иш-аракеттердин ырааттуулугун аныктайт.

2. Ушул Тартиптин максаты болуп төмөнкүлөр саналат:

- укук бузуулардын алдын алуу, бөгөт коюу жана аларды жасагандыгы үчүн жоопкерчилик колдонуу;
- мамлекеттик жана мамлекеттик эмес кызмат көрсөтүүлөрдү берүү, алуу жол-жоболорун жөнөкөйлөштүрүү
- инсанды идентификациялоо жол-жобосун жөнөкөйлөштүрүү.

3. Ушул Тартипте алуучу болуп төмөнкүлөр саналат:

- мамлекеттик бийлик органдары, анын ичинде укук коргоо органдары, өз компетенцияларынын чегинде;
- атайын макамы бар мамлекеттик бийлик органдары, өз компетенцияларынын чегинде;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, өз компетенцияларынын чегинде;
- юридикалык жактар (банктар, банктык эмес финансылык-кредиттик уюмдар, төлөм жүргүзүү системаларынын операторлору, төлөм жүргүзүү уюмдары, мобилдик уюлдук байланыш операторлору, күбөлөндүрүүчү борборлор, оюн-зоок иши субъекттери, камсыздандыруучу компаниялар);
- белгилүү бир физикалык жактар (мамлекеттик/жеке нотариустар, өз компетенцияларынын чегинде).

4. Биометрикалык маалыматтар жөнүндө маалымат берүү биометрикалык маалымат субъектисинин кагаз жүзүндө жазуу түрүндө берилген же Кыргыз Республикасынын электрондук колтамга чөйрөсүндөгү мыйзамдарына ылайык электрондук документ түрүндө, электрондук колтамгасы коюлган макулдугу болгондо гана ишке ашат.

5. Биометрикалык маалыматтар жөнүндө маалымат берүү төмөнкү учурларда гана биометрикалык маалыматтар субъектисинин макулдугусуз берилет:

- сот адилеттиги жүзөгө ашырылган жана сот актысы аткарылган учурларда гана, ошондой эле улуттук коопсуздук, терроризмге жана коррупцияга каршы аракеттенүү, изин суутпай издөө ишинин чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган башка учурларда;

- биометрикалык маалыматтар субъектисинин кызыкчылыктарын коргоо үчүн өтө зарыл болгон учурларда;

мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын суроо-талабы боюнча, эгерде суралган биометрикалык маалыматтардын тизмеси сурап жаткан органдын ыйгарым укуктарына ылайык келсе;

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде.

6. Ушул Тартип «Кыргыз Республикасынын жарандарын биометрикалык каттоо жөнүндө» жана «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык иштелип чыкты.

## 2. Кыргыз Республикасынын жарандарынын биометрикалык маалыматтары жөнүндө маалыматты алуучуларга берүүнүн Тартиби

7. Кыргыз Республикасынын жарандарынын биометрикалык маалыматтар базасындагы маалыматтары калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (мындан ары – ыйгарым укуктуу орган) менен иштеп чыгуучу жана алуучунун ортосунда түзүлгөн белгилүү бир макулдашуунун шарттарында гана алуучуларга берилет.

Ушул Тартипте иштеп чыгуучу катары ыйгарым укуктуу органдын карамагындагы мамлекеттик ишкана саналат.

8. Биометрикалык маалыматтар базасы менен өз ара аракеттенүүдө колдонулган техникалык чечимди тандоо укугу иштеп чыгуучуда калтырылган.

9. Кыргыз Республикасынын жарандарына биометрикалык маалыматтар базасынан маалыматтарды веб-сервистер аркылуу берүү алуучуда маалыматтык өз ара аракеттенүүнү жүргүзүүчү программалык-аппараттык каражаттар болгондо гана ишке ашырылат.

10. Мындай учурларда Кыргыз Республикасынын жарандарына биометрикалык маалыматтар базасынан маалыматтарды берүү «суроо-талап – жооп» режиминде жүзөгө ашырылат.

Киргизилген суроо-талап маалыматтык системада иштелип чыгат, эгерде дал келүү болгон болсо алуучуга жеке маалыматтар субъектиси жөнүндө маалыматтар берилет.

11. Ыйгарым укуктуу орган, иштеп чыгуучу жана алуучу биометрикалык маалыматтардын субъекттеринен алардын биометрикалык маалыматтарын берүүгө макулдуктарын Кыргыз Республикасынын жарандарынын биометрикалык маалыматтар базасынан берилген маалыматтардын статистикасы боюнча ай сайын текшерет.

12. Эгерде ыйгарым укуктуу орган же иштеп чыгуучу тарабынан, биометрикалык маалыматтар базасынан алуучунун, анын биометрикалык маалыматтарын берүү боюнча субъекттин макулдугунун жок экендигин ачык көрсөткөн маалыматтарын уруксатсыз алуу фактылары аныкталган

болсо ыйгарым укуктуу орган ушул Тартиптин 7-пунктунда белгиленген, тийиштүү макулдашууну андан ары бузуу менен биометрикалык маалыматтар базасынан маалыматтарды берүүнү толугу менен токтотуу түрүндө чараларды көрөт жана тийиштүү материалдарды жеке маалыматтарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга жиберет.

## 3. Кыргыз Республикасынын жарандарына биометрикалык маалыматтар базасынан маалыматтарды берүү жана пайдалануу боюнча жоопкерчиликтери

13. Кыргыз Республикасынын жарандарына биометрикалык маалыматтар базасын жүргүзгөндүгү үчүн жоопкерчиликтүү адамдар укук бузуулар чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык ачыкка чыгарбагандыгы үчүн жеке жоопкерчиликтерди тартышат.

14. Кыргыз Республикасынын жарандарынын биометрикалык маалыматтар базасында такталбаган жана актуалдуу эмес маалыматтар болгон учурларда ыйгарым укуктуу орган же иштеп чыгуучу аларды актуалдаштыруу боюнча чараларды көрөт.

15. Биометрикалык маалыматтарды алуучу «Жеке мүнөздөгү маалыматтар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык төмөнкүлөр үчүн жоопкерчилик тартат:

- алынган маалыматтардын конфиденциалдуулугун камсыз кылууга;
- алынган маалыматтарды коргоо боюнча талаптарды сактоого;
- алуучунун кызматкерлери тарабынан жеке мүнөздөгү маалыматтарды ачыкка чыгаруу, таратуу, жеке максаттарда пайдалануу же жеке мүнөздөгү маалыматты үчүнчү жактарга уруксатсыз берүү үчүн.

16. Кызматтык абалынан улам биометрикалык маалыматтар белгилүү болуп калган адамдар бул биометрикалык маалыматтардын конфиденциалдуулугун камсыз кылуу боюнча милдеттенмелерди алышат жана жоопкерчилик тартышат. Мындай милдеттенмелер бул адамдардын конфиденциалдуулук режимин сактоо мезгилинде биометрикалык маалыматтар менен иштөөсү аяктагандан кийин да күчүндө калат.